«ЖАКТЫРЫЛДЫ»
Эл аралык Кувейт
университетинин Окумуштуулар
кеңешинин отурумунун
№ 1 протоколу
« 22 » 09 2022-ж.

«БЕКИТЕМИН»
Эл аралык Кувейт
университетинин
ректору Байсеркеев А.Э.
« 23 » 09 2022-ж.

# ЭЛ АРАЛЫК КУВЕЙТ УНИВЕРСИТЕТИНИН «ЫЙМАН-ЫНСАП» КОДЕКСИ

## Жалпы жоболор

- Эл аралык Кувейт университетинин (мындан ары университет) профессордук-окутуучулук курамынын, кызматкерлеринин жана студенттеринин «Ыйман-ынсап» кодекси жөнүндө жобо окуу процессин, кесиптик милдеттерин ишке ашырууда, мамилелерди түзүүдө, жалпы адамзаттык баалуулуктарга умтулууда эрежелердин жана ченемдердин жыйындысы болуп саналат.
- Университеттин «Ыйман-ынсап» кодекси ректордун буйругу менен ишке алынган профессордук-окутуучулар курамына, кызматкерлерге, окууга кабыл алынган студенттерге, аспиранттарга карата колдонулат.
- «Ыйман-ынсап» кодекси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик укуктук-нормативдик актыларынын, университеттин Уставы жана башка ченемдик укуктук актыларынын негизинде иштелип чыккан.
- «Ыйман-ынсап» кодекси университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилет.
- «Ыйман-ынсап» кодексин ишке ашыруу максатында ар бир окуу жылына тартип комиссиясы түзүлөт жана өз ишин атайын түзүлгөн жобонун негизинде алып барат.

## Профессор-окутуучулардын жана кызматкерлердин ыйман-ынсап кодекси

- Университеттин профессор-окутуучулары жана кызматкерлери өздөрүнүн адеп-ахлагы менен студенттердин насаатчысы катары аларга үлгү болууга тийиш.
- Профессор-окутуучулар жана кызматкерлер адилетсиздикке, оройлукка, улутчулдукка жана жердешчиликке жол бербөөгө болбойт.
- Университеттин профессор-окутуучулары кызмат абалынан пайдаланып экзамендик, модулдук сыноолордун жүрүшүндө пара алууга тыюу салынат.
- Окуу жайдын профессор-окутуучулары жана кызматкерлери бири-бирине урматтоо менен мамиле жасап, тажрыйба бөлүшүп, адамзат баалуулуктарын ыйык тутуусу зарыл.
- Кызматта ушак-айың сөздөрдү таратып, жамаатты бөлүп-жарууга аракеттенген профессор-окутуучуларга жана кызматкерлерге мыйзам чегинде чара көрүлөт.
- Окуу жайдын аймагында чылым тартууга жана спирт ичимдиктерин ичүүгө тыюу салынат.

**Студенттердин ыйман-ынсап кодекси**

- Студенттер бири-бирин терең урматтап, үлгүлүү жүрүш-турушу, терең билими менен университеттин аброюн көтөрүүгө тийиш.
- Окуу жайда билим алган улан-кыздар Ата Мекендин тарыхын жана маданиятын кадырлайт.
- Устат менен шакирттин ортосундагы мамиле адептүүлүктүн, асыл үлгүлөрдүн негизинде жүргүзүлөт.
- Ар бир студент өз күчү менен окуп, парасыз билим алууга умтулат.
- Студенттер өздөрүн таза, сылык кармап, окууда курбу-курдаштарына үлгү болууга милдеттүү.
- Студент өз элинин каада-салттарын урматтап, алардын мыкты үлгүлөрүн өз турмушунда эреже катары пайдаланышы зарыл.